# Акыркы кат

Сөзү: Узенов Урматбек
Обону: Азыкбаев Нурсултан, Эркинбек уулу Адилет

Бакытым менин, жыргалы өмүрдүн,
Балына батып гүлдөрү көңүлдүн.
Баркына жете албай тез эле алыстап,
Балбылдап жанган чырагым өчүрдүң.
Кайырма:
Тебелеп сезимимди,
Теңсинбей кетериңди билбептирмин.
Булактай сезимимди кирдеттиңби?
Арнаган сезимимди,
Ашыгым, анда дагы билбедиңби?
Убакыт жылбай, унутпайм көзүңдү,
Убара кылбай, аячы сезимди.
Алмашкыс байлыгым жашоодо сен элең,
Уурдатып алдым уңгусун сөзүңдүн.
Кайырма:
Мен эми башка өкүнүп ыйлабайм,
Төгүлгөн жашка жүрөктү кыйнабайм.
Тебелеп сезимимди,
Теңсинбей кетериңди билбептирмин.
Булактай сезимимди кирдеттиңби?
Арнаган сезимимди,
Ашыгым, анда дагы билбедиңби?